УДК:8:82

Акматалиев Ж., Жумашова Н.А.
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

**МАНАС БААТЫРДЫН ЗООМОРФДУК ОБРАЗЫН ТҮЗГӨН ТОТЕМ ЖАНЫБАРЛАРДЫН СИМВОЛДУК МААНИСИ**

Дүйнө элдеринин мифтик чыгармаларынын бардыгында баатырлардын образдарын күчөтүү, көркөмдүк деңгээлин жогорулатуу үчүн укмуштуу жаныбарлардын түрлөрү колдоочу же тотемдик символ катары мүнөздөлүп келет.

Деги эле мифтик чыгармаларды зооморфдук образдарсыз элестетүүгө да болбойт.

Ал эми дүйнөлүк руханий байлыкка салмактуу салым кошо турган «Манас» эпосунда да тотем жаныбарлар чыгарманын кызыктуулугун арттырып, андагы каармандардын ар кандай кырдаалдардагы абалына жараша метонимиялык жана аллегориялык маанидеги абстрактуу зооморфтук образдарын түзүүгө пайдаланылат.

Болочоктогу баатырдын төрөлө тургандыгын айгинелеген «аян түш көрүү», «жолборстун жүрөгүнө талгак болуу» сыяктуу элдик түшүнүктөр «Манас» эпосунда негизги эпизодду түзөт. Эпостун белгилүү варианттарынын бардыгында Манас төрөлөрдөн алда канча мурун ата, энеси элдин көз карашында тартынбастыктын кайраттуулуктун, баатырдыктын, күчтүүлүктүн үлгүсү болгон ажыдаар, алп кара куш, кара чаар кабылан, сур жолборс өңдүү жаныбарларды түштөрүндө көрүшөт жана түштөрү аркылуу ушул жаныбарларга таандык артыкча сапатка ээ эркек бала төрөлөөрү билинет.

«Манас» эпосунун сюжетинин андан наркы өнүгүшүндө Чыйырды, Жакыптын түшүнө кирген ошол жаныбарлар Манастын колдоочуларына айланып, классикалык тотемдердин бардык белгилерин сактап анын функцияларын аткарышат.

Мисалы жоого киргенде ошол тотем жаныбарлар сүр айбат болуп коштоп жүрөт:

«Ажыдаар жыланы,
Артынан сойлоп алыптыр.
Көсөө куйрук көк бөрү,
Көк жал эрдин жөөкөрү,
Көтүнөн ээрчип алыптыр.
Алп кара куш арбайып,
Асмандап бутуп салыптыр».

Ошондой эле алар Манас баатырдын башына ар кандай кыйынчылык түшкөндө жардамга келишет, керек болсо өлүмдөн да сактап калышат [4: 403б.].

Тотемдик ишенимдер эпостун «Манас» жана «Семетей» бөлүмдөрүндө окуянын жалпы өнүгүш ыргагын бузбастан, тескерисинче, эпикалык башкы баатырдын образынын монументалдуулугун өзгөчөлөнтүп символдоштуруп турсансыйт.

Архаикалык ой жүгүртүүнүн тотемдик түрүнүн мындай элементтери фольклордук чыгармалардын идеялык образдык түзүлүшүн толуктап элдик түшүнүк менен үндөшүп баатырлардын эрдигин, кайраттуулугун, чыдамдуулугун айгинелейт.

Эпосто Манастын жети атасы, түпкү теги эл сураган хандар болуу менен өзүнүн тукумдары Семетей, Сейтектер да баатыр болушат. Алардын көпчүлүгүнө «ажыдаардай айбаттуулук, арстандай кайраттуулук» мүнөздүү. Ак шумкар, кумайык, көк жал бөрү, арстан, жолборс, кабыландар Манастын тотеми болуу менен Семетейди, Сейтекти да колдоп коштоп жүрөт. Алардын түпкү тегинин тотемдтик символу катары көптөгөн эпизоддордо кездешет [СККФ 567 инв.112б.]. Мисалы Сейтектин Сарыбай менен жекеме жеке сайышка түшкөндөгүсүн кара чаар кабылан капталында чамынып, чолок көк жал арстан туурасында камынып, эл алдында сур жолборс калкымда мындай жан болбос, кошо согуш кылды эле деген сыяктуу.

Сүрөттөөлөр ата тегинен берки колдоочуларынын жардамын билгизет. Ал эми «ата тек» демекчи «тотем» деген сөздүн индейцтердин тилинен которгондо «анын теги» деген маанини туюндурушу да кызыктуу [2; 647 б.].

Эпостун негизги сюжетин түзгөн бардык варианттарда кездешкен «аян түштөгү»

Чыйырдынын - ажыдаарды, Жакыптын - ак шумкарды, Бакдөөлөттүн-туйгун жана эки кушту түш көрүшү, түпкү тегинен бери хан болгон болочоктогу баатырдын төрөлө тургандыгын мотивдештирүү менен тотем катары аталган жаныбарлар колдой тургандыгын символдоштурат.

Ал эми дүйнө элдеринин мифологиясында «жер асты», «жер үстү», «асман» сфераларын байланыштырган «өмүр дарагы» болуп сүрөттөлөт. Бул багытта «Манас» эпосунда аталган үч сферанын өкүлү катары Манас баатырды архаикалык тотем жаныбарлар дайыма колдоп, коштоп жүрөт:

1. Жер астынын ээси, жердин чексиз күчүнүн символу катары – «ажыдаар».
2. Асмандын ээси, эркиндиктин символу катары – «бүркүт же алп каракуш жана ак шумкар».
3. Жер үстүндө бийлик жүргүзүүчү айкөл баатырдын тотемдик символдору катары - көсөө куйрук, көк жал бөрү, арстан, жолборс, кабылан.

Бул багытта Манас баатырга тиешелүү аталган тотем жаныбарлардын символдук маанисинин кеңири чечмелегенге аракет кылсак төмөнкүдөй кызыктуу фактыларга кабылабыз. Жогоруда аталган тотем жаныбарлардын эң негизгиси ажыдаар - жомокто айтылуучу жылаан кебетесиндеги коркунучтуу жаныбар [4, 34 б.]. Көптөгөн мифтик чыгармаларда оң жана терс образ катары кездешет.

Ал эми «Манас» эпостунда тотемдик символ катары Манастын энеси Чыйырдынын аян түшүнөн баштап жолугат.

«Алтымыш кулач ажыдаар,
Ат ордуна мин деди.
Алиги жеген ак алмаң,
Курсугыма толуптур.
Артымдан чыккан ышкырып,
Ажыдаар болуптур.
Ачууланып оп тартса,
Ай ааламды соруптур» - деген саптар болочоктогу баатырдын зооморфтук образын каймана эң сонун символдоштуруп турат [СО 1, 29].

Эпосто терс каармандар же Манастын душмандары тарабынан да:

Алтайлыктын калмагы:
«Ажыдаар чыкты – деп
Аты Манас мыкты» - деп
Эсенканга неткен – деп
Эмдигиче соо койуп,
Эси кайда кеткен?» [3, 117 б] -деп сүрөттөлөт.

Ошентип Манас баатырды эң маанилүү казат же жортуул учурларында сүрүнө-сүр, айбатына-айбат кошуучу чексиз күч кубаттын эгедери катары оң образдагы ажыдаар коштоп жүрөт. Демек, Манастын укмуштуу колдоочусу – ажыдаар дүйнөлүк мифологиядагы ажыдаарлардын классикалык үлгүсүнө өтө жакын сүрөттөлөт [4, 39 б], дагы айкөлгө тотемдик символ катары кызмат кылат.

Айкөл Манас баатырдын тотемдик символунун экинчиси жырткыч канаттуулар бүркүттүн зору - алп кара куш жана ак шумкар. Эпосто Манас баатырды колдоочу катары символдошкон мифтик канаттуу. Алп кара куштун айбаты, сүрү Манас баатыр төрөлө электе эле Жакыптын куш кармаган аян түшүнөн баштап болочоктогу баатырдын колдоочусу, тотеми катары аллегориялык сүрөттөө менен баяндалат.

«Айбат менен караса
Алп кара куш сүрү бар.
Саңоолору сары алтын,
Таканак жүнү баары алтын.
Тумшугу болот-тунжур дейт
Туягы болот канжар дейт

Асмандагы канаттуу,
Айбатынан уча албайт.
Жердеги жүргөн аяктуу
Желип чыгып кача албайт» [СО 1, 29].
Ошондой эле баатырдын образына:
«Алп кара куш арбайып,
Асмандап буту тарбайып,
Манаска жолдош болуптур»,
«Асман жаккы айбаты
Алп кара куш арбайып
Асмандап бутун салгандай» [СО 2, 18 б].

Деген укмуштуу сүрөттөөлөр баатырдын эл-жер үчүн аянбас күчтүү эркин о.э. ой чабытынын бийиктигин, чексиздигин символдоштуруп тургансыйт.

Бул багытта А.П. Окладников түрк-монгол элдеринин көпчүлүк чыгармаларында бүркүттүн образы жөнүндө: «Бакты таалайдын жана молчулуктун чепили катары, мал менен кесипчилик кылган коомдун эң жогорку колдоочусу катары ыйык асмандын ээси болуп саналат» - дейт. Айрым археологиялык табылгалардагы сүрөттөөлөргө караганда бүркүттүн бул образы байыркы коло доорунда эле белгилүү болгон. Ал эстеликтердин айрымдарында: «Алп кара куш арбайып, асмандан буту тарбайып, Манаска жолдош болуптур» -делип эпосто туруктуу сүрөттөлгөндөй бүркүт кармашып жаткан жоокердин үстүндө айланып турат. Борбордук Азиядагы байыркы түрк мамлекетинин тушунда да алп кара куш колдоочулук касиетке ээ болгонун атактуу кол башчы Култегинге коюлган таш эстелик ачык кабарлайт. Бул эстеликтеги адамдын баш кийминин алдыңкы бетинде укмуштуу куштун сүрөтү түшүрүлүп, анын магиялык касиетке ээ экенин ачык чагылдырган. Бүркүттүн колдоочулук элеси байыркы Сибирь элдеринде гана жайылган эмес: «Көптөгөн элдердин түшүнүгүндө бүркүт асмандын ээси, ал эми бир кыйла өнүккөн диндерде асман ээсинин жандоочусу деп эсептелет» (Ельницкий Л.А. Скифия Евразийских степей, Новосибирск 1977, 236 б.). Келтирилген мисалдарга караганда бүркүттүн бул типологиялаш эволюциясында эки тенденция байкалат. Ал эгер өнүккөн динге карай ыкташса кудайлардын жандоочусуна, ал эми элдик оозеки чыгармачылыкта элдик баатырды колдоочу укмуштуу жаныбарга айланат [4, 86 б].

Орус элинин фольклорунда да алгыр же жырткыч куштар башкы каармандын эпитети катары өзгөчө кездешерин окумуштуу А.И. Кузьмин төмөнкүдөй белгилейт: «Эпитет храброго князя-сокол. Быстрые, ловкие движение человека сравнивались с поводками и бегом диких хишных животных» [1, 20 б]. Деги эле баатырларды колдогон жапайы жаныбарлардын фантастикалуу образдары дүйнө элдеринин мифтик чыгармаларынын таасирдүүлүгүн арттыруу менен эрдиктин, баатырдыктын, шамдагайлыктын сыйкырлуу айбат, сүрдүн өзгөчө функцияларын символдоштурат. Бул боюнча эпосто Манас баатырдын ачууланган образын мындайча сүрөттөйт.

«Арстан сыны баатырдын,
Азыр чыга калганы.
Баткалышта мараган,
Кабыландай караган.
Ар качандан бир качан
Ачуусу ишке жараган
Чыгарак куйрук, чаар тон
Чамынганы соо болбос,
Шаңы чыкты сур жолборс» [СО 3,158].

Манас баатырдын кайратына-кайрат, айбатына-айбат кошо турган тотем жаныбарлар баатырдын эл арасындагы идеалдуу кайраттуулугун, эрдигин символдоштуруп, угуучуларды жана окурмандарды өзгөчө таасирге кабылтат. Эпосто ажыдаар, алп кара куш, ак шумкар бөрү, жолборс, арстан, кабыландардын мифтик

образдары Манас баатырдын тотемдери, же колдоочулары болуу менен «жер асты», «жер үстү», «чексиз асман» сфераларынын эгедери экендигин символдоштуруп угуучуларды жана окурмандарды эпостун көркөм дүйнөсүнө аралашуусуна (өбөлгө түзөт) аргасыз кылат.

**Адабияттар**

1. Кузьмин А.И. Героическая тема в русской литературе. –М.: Просвещение, 1974.
2. Лехина. И.В, Локшинай. С.М. и др. Словарь иностранных слов. –М.: Советская энциклопедия, 1964.
3. Манас Кыргыз элинин эпосу. 1-китеп. –М.: Главная редакция Восточной литературы, 1984.
4. Манас энциклопедия. Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы «Мурас» илимий пропогандалык ишкер долбоору. -Б., 1995.
5. Карасаев Х. Камус Наама. -Бишкек: Шам, 1996.